**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**

№2/2024, 203-212

***ПОЛИТОЛОГИЯ***

**УДК: 32:322: 348.71**
**DOI:** 10.52754/16948610_2024_2_20

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ДИН ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗИНДЕ ДИНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ДИН ТААНУУ ПРЕДМЕТИ МАСЕЛЕСИ

## ВОПРОСЫ РЕЛИГИОЗНОГО ОБРАЗОВАНИЯ И РЕЛИГИОВЕДЕНИЕ НА ОСНОВЕ В СФЕРЕ РЕЛИГИОЗНОЙ ПОЛИТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## THE ISSUE OF RELIGIOUS EDUCATION AND RELIGION STUDIES BASED ON THE FIELD OF RELIGION POLICY OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Козукулов Тимур Алимбекович**
*Козукулов Тимур Алимбекович*
*Kozukulov Timur Alimbekovich*

**с.и.к., доцент Ош мамлекеттик университети**
*к.п.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Osh State University*
t.kozukulov@oshsu.kg
ORCID: 0000-0001-7480-0025

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ДИН ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗИНДЕ ДИНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ДИН ТААНУУ ПРЕДМЕТИ МАСЕЛЕСИ

**Аннотация**

Кыргызстан эгемендүүлүктүн алгандан баштап диний билим берүүгө эркиндик берди. Бул эркиндиктин шарапаты менен кыргызстандын бардык аймактарында диний билим берген мекемелер ачылды. Кыргызстанда негизинен 2 диндин өкүлдөрү диний билим берүү ишмердүүлүгүнүн жүргүзүшөт. Алар ислам жана христиандар. Ислам дини жаатында диний билим берүү басымдуулук кылат. 1991-жылы Кыргызстанда алгачкы диний билим берген Азирети Умар атындагы медресе ачылган. Андан кийин аймактарга да диний билим берүү мекемелери ачылып, учурда алардын саны 300 ашкандыгы маалым. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары мектептерге Ыйман сабагы киргизилип, ошол айылдын имамы келип жумасына бир күн атайын дин, ишеним тууралуу сабак өтөт эле. Кийинчерээк ал сабакты окуткан имамдар мектеп мугалимдеринин кийимдерине жана жүрүм-турумуна кийгилишүүсү кээ бир жерде резонанс жаратып натыйжада мектеп директорлорунун талабынын негизинде узакташтырылган. 2014-жылы февраль айында өткөн Коргоо Кеңешинин жыйында кабыл алынган чечимдин негизинде диний билим берүү жана дин таануу предмети тууралуу маселе козголуп иретке келтирүү талабы коюлган. Алар ислам багытындагы диний билим берген мекемелердин окуу планы жана мазмунун талапка шайкеш келтирүү менен иретке салуу. Ошондой эле мамлекеттик орто мектептерге дин таанууга байланыштуу сабак киргизүү. 2016-жылдан баштап Диндердин маданияты тарыхы деген предмет пилоттук негизде кээ бир мектептерге киргизилген. 2020-жылы бийлик алмашкандан кийин 2021-жылдан баштап Диндердин өнүгүү тарыхы предмети бардык мектептерге киргизилип окутула баштады. Биз бул макалабызда жогорудагы келтирилген маселенин үстүндө анализ жүргүзөбүз.

***Ачкыч сөздөр:*** диний билим берүү, дин таануу, мектеп, медресе, диний билим берүү саясаты, теология.

## *ВОПРОСЫ РЕЛИГИОЗНОГО ОБРАЗОВАНИЯ И РЕЛИГИОВЕДЕНИЕ НА ОСНОВЕ В СФЕРЕ РЕЛИГИОЗНОЙ ПОЛИТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ*

**Аннотация**

С момента обретения независимости Кыргызстан предоставил свободу религиозному образованию. Благодаря этой свободе во всех регионах Кыргызстана были открыты религиозные образовательные учреждения. В Кыргызстане религиозно-просветительскую деятельность проводят в основном представители 2-х религий ислам и христиане. В сфере религиозное образование основном преимущество преобладает ислам. В 1991 году было открыто медресе имени Хазрата Умара, давшее первое в Кыргызстане религиозное образование. После этого в регионах открылись религиозные образовательные учреждения, известно, что данное время их число превышает более 300. В первые годы независимости в школах был введен урок религии, и имам этого села приходил и проводил специальный урок о религии и вере один раз в неделю. Позже имамы, проводившие уроки в школах стали вмешиваться одежду и походкам школьных учителей, эти случаи кое-где вызвали резонанс, в результате чего имамы вытеснены от урока по требованию директоров школ. На основании решения, принятого на заседании Совета обороны, состоявшемся в феврале 2014 года, был поднять вопрос религиозного образования и урока религиоведения. В итоге была поставлена задача организовать единую учебную программу и содержание религиозных предметов учебных заведений исламской направленности в

## *MEDICO-SOCIAL IMPORTANCE OF A HEALTHY LIFESTYLE IN SHAPING THE HEALTH OF STUDENTS*

**Abstract**

Since gaining independence, Kyrgyzstan has granted freedom to religious education. Thanks to this freedom, religious educational institutions were opened in all regions of Kyrgyzstan. In Kyrgyzstan, religious and educational activities are carried out mainly by representatives of two religions: Islam and Christians. In the field of religious education, Islam mainly prevails. In 1991, a madrasah named after Hazrat Umar was opened, providing the first religious education in Kyrgyzstan. After this, religious educational institutions opened in the regions; it is known that at this time their number exceeds more than 300. In the early years of independence, a religion lesson was introduced in schools, and the imam of that village would come and teach a special lesson about religion and faith once a week. Later, imams conducting lessons in schools began to interfere with the clothes and gaits of school teachers; these cases caused a stir in some places, as a result of which the imams were forced out of the lesson at the request of school directors. Based on a decision taken at a meeting of the Defense Council held in February 2014, the issue of religious education and religious studies lessons was raised. As a result, the task was set to organize a unified curriculum and content of religious subjects in Islamic educational institutions in accordance with modern requirements. Also introducing classes related to religious studies in public high schools. Since 2016, some schools have introduced the subject “History of the Culture of Religions” on a pilot basis. After the change of government

соответствии с современными требованиями. Также введение уроков, связанных с религиоведением, в государственных средних школах. С 2016 года в некоторых школах в пилотном порядке введен предмет «История культуры религий». После смены власти в 2020 году с 2021 года во всех школах был введен и преподается предмет «История развития религий». В этой статье мы анализируем вышеупомянутые проблемы.

in 2020, starting from 2021, the subject “History of the Development of Religions” was introduced and taught in all schools. In this article, we analyze the above-mentioned issues.

***Ключевые слова:*** религиозное образование, религиоведение, школы, медресе, политика религиозного образования, теология.

***Keywords:*** religious education, religious studies, schools, madrassas, religious education policy, theology.

**Киришүү**

Кыргызстанда диний, исламий, теологиялык билим берүү маселеси учурдун маанилүү дискурсуна айланган. Бул дискурс эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында башталып учурга чейин актуалдуулугун жоготпой келе жатат. Белгилүү учурларда тарыхтын белгилүү доорлорунда дүйнө жүзүнүн көптөгөн жерлеринде диний билим берүү басандаган. Бирок 20-кылымдын аяктарында диний билим берүү кайрадан жанданып актуалдуулугу артып жатат. Биз бул тенденцияга кааласак да каалабасак да аралашабыз. Коомдук жашоо динсиз болбойт экендиги маалым болду. Бул 21-кылымдын чакырыктары экендигин жалпысынан белгилешет. Кыргызстан дагы ал чакырыктын сыртында калышы мүмкүн эмес. Динсиз коом куруу ишке ашпай турган куру кыял экендиги өтмүш өзү көрсөтүп турат. Кыргызстан эгемендүүлүктү алган учурдан баштап эле диний билим берүү актуалдуу маселеге айланып коомдун саясий-экономикалык турмушунда маанилүү ролду ээлеп келүүдө. Алгачкы жылдары тажрыйбасы жок болсо да медреселер ачылган. Акырындап диний билим берүү жаатында тажрыйбасы бар мусулман өлкөлөр менен кызматташтык түзүлүп, ошонун негизинде ишке ашырылган. Алгач ал өлкөлөргө студенттер жиберилүү менен Кыргызстандын аймагында биргелешкен диний билим берген окуу жайлар ачыла баштаган. Диний билим берүү жалпы билим берүү системасынын бир бөлүгүн түзөт. Диний маалыматты алуу же аны үйрөнүү эркиндиги Кыргыз Республикасынын баш мыйзамы конституцияда 1993-жылы кабыл алынып кийин референдум аркылуу бардык өзгөрүлгөндөр да берилген (*Караңыз:* КРнын 2021-жылы кабыл алынган конституциясы). Ушул эркиндик маселеси да коомчулук тараптан ар кандай түшүнүлөт. Мындай жагдай табигый экендигин айтууга болот. Кыргызстанда диний билим берүү аракети бир канча жол менен ишке ашырылып жатат. Кыргызстан жаштардын диний билим алуусу үчүн Туркияга, Египет, Араб өлкөлөрүнө ошондой эле Пакистанга окууга жиберишкен. Чет өлкөдө билим алып келген жаштар Кыргызстанга кайткандан кийин кээ бироери диний билим берүү мекемелерин ачышты. Акыркы 10 жылда Кыргызстанда диний билим берген окуу жайларынын саны өтө тез ылдамдыкта өсүп жатат деп айтсак жаңылыш болбосо керек. Учурда Кыргызстанда ислам багытында диний билим берүүнү төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот: Медресе, ислам институттары, ислам университети, окуу борборлору, мамлекеттик ЖОЖдордо теология факультеттери жана колледждер, дааватчылар, мечиттер (Kozukulov T., 2015/1; 202) жайкы лагерлер.

Бул жерде тармактарды категорияга бөлүп алышыбыз шарт. Юридикалык тил менен айтканда жеке менчик, коомдук жана мамлекеттик мекемеде диний билим берүү. Ушул тармак бири бирине тиешеси жоктой ар башка көрүнгөнү менен жыйынтыгы баары бир эле болот. Тагыраак айтканда дин кызматкерлери жана адистерин даярдайт. Аны коомдук-саясий позиция оптикасы менен карап ана бөлүп жатабыз. Башкача айтканда шарттуу түрдө деп айтсак болот. Алар 1) Ислам багытында диний билим берүү: медресе, ислам институттары, ислам университети, диний окуу борборлору, даават, мечит; 2) Теологиялык билим берүү: мамлекеттик же менчик жогорку окуу жайларында теология факультеттери жана колледждери; 3) Орто мектептерде диндердин өнүгүү тарыхы предмети.

**Ислам багытындагы диний билим берүү**

Ислам багытында диний билим берүү дегенде эле алгач эле муфтият эске келет. Тагыраак айтканда ислам багытында диний билим берүү муфтияттын тармагы жана милдети

катары эсептейбиз. Бул кыргыз элинин аң сезимине сиңип калган түшүнүк. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгон учурда Кыргыз республикасынын аймагында 33 гана мечит болгон (Мамаюсупов О., 37). СССР учурунда Кыргызстанда бир дагы диний билим берүү мекемеси болбогон. Кыргыз ССРнин жарандары диний билимди официалдуу деп эсептелген мамлекеттин көзөмөлүндөгү Өзбекистандын Бухара шаарындагы Мирараб медресеси менен Ташкент шаарындагы ислам институттарында алышкан. Мындан башка айрым учурларда СССРдин сыртында да алгандар болгон. Ал тууралуу бир канча мисалдарды көрсөтүүгө болот. Алардын Кимсанбай ажы Абдрахманов Кыргызстандын алгачкы муфтийи жана Мавлан кары Хиндустаний. Кимсанбай ажы Абдрахманов СССР учурунда 1970-жылдары Иорданиядагы университетте магистратураны бүтүргөн.

Алгачкы ислам багытындагы диний билим берген окуу жайы Кыргызстанда 1991-жылы ачылган. 90-жылдардын башында Кыргызстандагы диний башкармалыктын башчысы (муфтий) Кимсанбай ажы Абдрахмановдун демилгеси менен Бишкек шаарында Ислам медресесин ачууну демилгелеген. Ошентип, 1991-жылдын башында Кыргызстанда мусулмандардын колдоосу менен Бишкек шаарында Азирети Умар атындагы Ислам медресеси ачылган жана ага Темирбай ажы Орунбаев алгачкы мүдүр болуп дайындалган. Ал медресе 1993-жылы Азирети Умар атындагы Кыргызстан ислам институту болуп өзгөртүлгөн. Кыргызстандардын мусулмандарынын курултайында чечилген болушу ыктымал. Себеби Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы (Муфтият) 17-сентябрь 1993-жылы юстициядан каттодон өткөн (Kozukulov T., 2010; 130). Ал эми ошол эле институт 2003-жылы 25-апрелде Мусулмандардын курултайы менен Уламалар Кеңешинин чечиминин негизинде Кыргызстан Ислам университети болуп өзгөргөн (*Караңыз:* Муфтиятын официалдуу сайты).

1991-жылдан баштап учурга чейин исламды окуткан окуу жайлар тездикте ачылган деп айтууга болот. Учурда ар кайсы булактардын маалыматы боюнча 256 билим берүү мекемеси бар экендиги айтылууда. Ал эми КРнын Президентинин администрациясынын алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын тизмесинде 119 медресе, диний окуу борборлору 69, ислам институттары 14, Кыргызстан ислам университетинин базасында 2 коллеж жана 1 ислам университети бар. Ошондо жалпы саны 205 диний билим берген мекеме чыгууда. Бул окуу жайлардын баары юридикалык формасы жеке менчик болуп эсептелет. Бирок ошол эле учурда Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын карамагындагы исламды окуткан окуу жайлар. 2010-жылы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын берген маалымат боюнча 1 университет, 8 институт жана 57 медресе болгон. Ал учурда окуган талабалардын саны 3000ге жеткен (Шеров, 48; Шеров ж-а Таиров, 2021). 2013-жылы 1 университет, 9 институт жана 65 медресеге көбөйгөн (Kozukulov, 2015/2; 475). Ал эми 2016-жылы 1 университет, 10 институт жана 92 медресе болгон (*Караңыз:* Азаттык радиосунун кыргыз кызматы, 2016-жыл 26-февраль). Бул окуу жайларда жылына миңден ашуун окуучулар окушат. 2019-2020-окуу жылында 6175 эркек ал эми 3761 кыз жалпы 9936 талабалар болгондугун бир изилдөөнүн натыйжасында официалдуу алынган маалыматта белгилүү болгон. Учурда деле жагдай ушундай болсо керек деп айтууга болот. 2020-жылдан кийин дагы бир канча медреселердин ачылгандыгын белгилеп кетүү керек. Жогоруда диний окуу жайлардын сандары ар башка булакта айырмачылык көрсөтүлүүдө. Демек жогорудагы сандар дагы так эмес деп айтууга болот. 2023-жылы КРнын ДИМКнын иш планында бирдиктүү реестр түзүү талабы коюлуптур. Келечекте ар түрдүү айырмачылыктар болбойт деген ишеничтебиз.

Диний окуу жайларында 1991-жылдан баштап 2015-жылга чейин окуу программаларында баш аламандык болуп келген. Муфтияттын диний окуу бөлүмү тарабынан көзөмөл жүргүзүлгөнү менен бирдиктүүлүк болбогон. Окуу жай өзү түзгөн окуу планы жана китептер менен окутуп келишкен. Качан гана 2014-жылы февралда Коргоо Кеңешинде дин маселеси каралып ошол эле учурда диний билим берүүнү да иретке келтирүү чечими чыккандан кийин муфтият тарабынан иштелип чыккан бирдиктүү окуу планы сайтында жарыяланып, окуу процесси да ошонун негизинде жүргүзүүлөрү белгиленген. Алгачкы бирдиктүү окуу планы 2014-жылы медреселердин гана жарыяланган. Ал эми 2019-жылы окуу жайлардын жогорку, орто-кесиптик жана башталгыч категорияга бөлүп түзүлгөн бирдиктүү окуу пландарын кайрадан түзүп чыгышып бекиткен (*Караңыз:* Бирдиктүү окуу планы). Бирок бул дагы толук кандуу ишке ашып жатабы деген маселеси турат. Учурда айтылган маселе боюнча конкреттүү анализ жоктой. Формалдуу эле бирдиктүү окуу планы түзүп алып, чындыгында иш жүзүндө мурдагыдай эле улантышы мүмкүн деген божомолдор да жок эмес. Албетте бул баарына тиешелүү деп айтуудан узакпыз.

Ислам багытында окуткан окуу жайлар бүгүнкү жашоонун талаптарына шайкеш келүү маселелери дайыма курч бойдон калууда. Ал эми кээ бир медреселер жергиликтүү же чет элдик демөөрчүлөрдү таап алып ошонун колдоосунда окуу базасын заманбап талаптарга шайкеш келтирүүдө. Бирок бул азчылыкты түзөт деп айтсак да болот.

**Мамлекеттик окуу жайда теологиялык билим берүү тенденциясы**

Кыргызстанда теологиялык билим берүү эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары Туркия мамлекетинин үлгүсүндө 1993-жылы ачылган. Теологиялык билим берүү башынан эле билим берүү жана илим министрлиги тарабынан лицензия алуу менен башталган. Кыргызстанда алгачкы ачылган теология факультети Орто Азия мамлекеттеринин арасында биринчилерден болот. Ал факультет Ош мамлекеттик университетинин базасында 1993-жылы Туркиянын Анкара университети жана Диянет фондунун колдоосу менен келишимдин негизинде ачылган. Учурда Кыргызстанда 3 теология факультети, 2 бөлүм бар. Алар Ош мамлекеттик университетинин базасында Ош шаарындагы Диянеттин колдоосу менен ачылган теология факультети. Ош мамлекеттин университетине караштуу Бишкек шаарына жакын жайгашкан Арашан айылындагы Арашан гуманитардык институнун базасында 2004-жылы теология факультети ачылган. Ошондой эле Кыргыз-Түрк Манас университетинин базасында 2012-жылы теология факультети негизделген. Ал эми И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин гуманитардык-социалдык факультетинин базасында 2000-жылдардын баштарында теология бөлүмү ачылган. Кыргызстан Ислам университетинин гуманитардык билим берүү факультетинде теология адистиги 2016-жылы окута баштаган. Кыргызстан Ислам университетинде гуманитардык билим берүү факультетинде теология жана араб тили мугалими адистигин даярдашат. Бул эки адистик Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен билим берүүгө укук берген лицензия алган. Башка шариат жана Куран факультеттеринде окутулган адистиктерге лицензия алынбаган.

Ош мамлекеттик университетинде алгачкы ачылган теология факультетинин квалификация ыйгаруу маселеси жаралган. Ошол учурда Анкара университетинин окуу планын негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан коюлган талаптарды эске алуу менен окуу планы түзүлгөн. Бирок ошол учурда Теолог

квалификациясы ресстерде болбогондуктан СССР доорундан келген Дин таануу багыты жазылып, ошону менен бирге Дин таануучу квалификациясы ыйгарылган. Дин таануу квалификациясы алгачкы бүтүрүүчү 1998-жылдан баштап 2007-жылга чейин берилген. 2000-жылы Теолог багыты кыргыз өкмөтү тарабынан реестрге киргизилген (*Караңыз:* КРнын Билим берүү, илим жана маданият министрлиги тарабынан бекитилген). Ош мамлекеттик университетинин теология факултети 2004-жылы Теологиянын бакалавры багыты боюнча лицензия алып ошонун негизинде билим берүүнү уланткан. Алгачкы теолог квалификациясына ээ бүтүрүүчүлөр 2008-жылдан баштап ала башташкан. Жогоруда белгиленген теология факультеттери жана бөлүмдөр алгач 2015-жылга чейин дин таануу квалификациясын ыйгарып келген. Акыркы 10 жылдан баштап толук кандуу теолог квалификациясы ыйгарыла башталды. Теология менен дин таануу деп эки башка аталган менен окуу программасы аналог болгон. Ошол эле дин таануучуга теологиялык билим берилген. Анын жогоруда белгилегенибиздей айрым объективдүү себептери бар.

Теология факультет менен эле чектелбей ошол эле учурда 2015-жылдан баштап теология колледждерин ачты мамлекеттик жогорку билим берүү мекемелеринин базасында. Мамлекеттик университеттин базасында алгачкы жолу теология коллежи И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин базасында ачылган. Ал коллеж 2014-жылдын февраль айындагы Коргоо Кеңешинин чечимине ылайык мамлекеттик теологиялык окууну колго алуу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын көзөмөлүнүн негизинде ачылган. Учурда Ош мамлекеттик университетинин базасында да Ош шаары жана Арашан айылында теология коллеждери бар. Теологиянын коллежинин бүтүрүүчүлөрүнө орто-кесиптик теолог адистик ыйгарылат.

2014-жылы Ош мамлекеттик университети Туркиянын “Имам-хатип” лицейинин аналогу сыяктуу “Ыйман” гимназиясы ачты. 2021-жылы Баткен мамлекеттик университети “Ыйман” гимназиясын ачты. Баткен мамлекеттик университетин аны менен чектелбестен 2023-жылы дагы эки башка шаарларга Кызыл-Кыя жана Сүлүктү шаарларына “Ыйман” гимназияларын ачты.

Кыргызстанда учурда дин таанууну окуткан 2 университет бар. Алар Кыргыз улутук университетинде Гуманитардык-социалдык институтунда бөлүм катары, ал эми Кыргыз-Россия Славян университетинин Юнеско кафедрасында дин таануучу адистерди даярдайт. Кыргыз улуттук университетин СССРдин учурундагы Атеизм кафедрасын Дин таанууга өзгөртүп ошол кафедра даярдайт. Бирок бул дин таануу квалификациясы жогоруда теологияда бир убактарда окутулуп ыйгарылган дин таануучу эки башка экендигин белгилеп кетүү керек.

**Орто мектептерде Диндердин өнүгүү тарыхы (дин таануу) сабагын окутуу**

2014-жылы февраль айында өткөн Кыргыз Республикасынын Коргоо Кеңешинин отурумунда “Эгемендүүлүк алган күндөн баштап мамлекет дин жаатында өзүн узак кармоо саясаты туура эмес, мындан кийин мамлекет динди жөндөйт” жыйынтыкка келген. Ошол жыйынтыктын негизинде бир канча иш чара жана багыттарды белгилеген. Ал мамлекет тарабынан аткарылуусу керек болгон иш чаралар. 4 приоритеттүү багыттарды белгилеп атайын жумушчу топ түзүшкөн. Аны менен бирге КРнын 2014-2020-жылдар арасында дин

чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясы. Ал концепцияда 3 негизги приоритет каралган. Алар 1) Диний уюмдар менен мамлекеттик мекемелердин ортосундагы байланышты жакшыртуу 2) Диний билим берүү жана дин таануу сабагын жөнгө салуу 3) Диний экстремизм, радикализм жана терроризмди алдын алуу иш чаралары (Караңыз: КРнын дин чөйрөсүндөгү саясатынын концепциясы).

2016-жылдан баштап Бишкек жана Ош шаарларында жайгашкан 11 мектепке Диндер маданиятынын тарыхы сабагын пилоттук негизде киргизишкен. Ал сабак башталбай туруп эле даярдалган окуу китеби коомчулукта чоң резонанс жаратса да болбой эле оңдогон сыяктуу көрсөтүлүп киргизилген. Социалдык түйүндөн эле китеп ислам көз карашына туура келбеген жерин эле көрсөтүлгөндөн кийин, аны кайра 3 жолу оңдоп түзөтүүлөр деп кайра даярдашкан. Бирок баары бир одоно каталар болуп теология факультетинин адистери анализ жасашып терс пикирин бергенге карабай түкткөнгө аракет кылышкан. Авторлордин кээ бири эксперттерге өз ара официалдуу эмес ачыктоосунда, Ысык-көлдө эс алып жүрсө президенттин администрациясынын жооптуу адамы телефон чалып тез Бишкеке келүүсүн буюрат экен. Келгенде мына силерге гонорар (грант норвегиянын болушу ыктымал) 1 жума мөөнөт окуу куралын даярдагыла деп тапшырма берет. Ал авторлор эмне кылсын, интернеттен көчүрүү жолу менен окуу китебин даярдашат. Ошол учурда китепти ВИКИПЕДИЯдан көчүрүп коюптур деген сындар да айтылган болчу. Кийинки жылы республика аймагынан 51 мектеп тандалып алынып пилоттук негизде киргизилген. Бирок акыркы 3-басылышынан кийин дагы эксперт, адистер тарабынан китепке карата терс натыйжа берилгендиктен бул предметти күчкө салып түртүү басандап калган болчу.

2020-жылы Кыргызстанда бийлик алмашкандан кийин, 2021-жылы Кыргыз Республикасынын президентинин Указы чыкты. Ал указда орто мектептерде 7-8-9-класстарга “Диндердин өнүгүү тарыхы” предметин киргизилүүсү буйрук кылынган. 2022-2023-окуу жылында 9-класстар гана башталды. 2023-2024-окуу жылынан баштап 7-8-класстарга да киргизилгени маалымдалды. Сабактын тематикалары жана окуу планында талаш тартыштар ар түрдүү көз караштар болуп жатат. Бул предметтин тематикалары жана стандартын даярдоо Кыргыз Билим берүү академиясына жүктөлгөн. Ал академияда ушул багытта иштеп келген кызматкерлерге эмес башкаларга жүктөлгөн. Мурдатан ушул багытта иштеп келип көп резонанс жараткан кызматкерлер жөн турушпады. Мектепте ошол сабакты окута турган мугалимдердин ВАТСАП группасына өздөрүнүн тематикаларын жана даярдаган окуу китебин буйрук сыяктуудай ушул темалар окутулуп, пайдаланышы керек дегендей манипуляция да кылышты. Кийинки окуу жылында ошол мурдатан иштеп келген кызматкерлер Диндердин өнүгүү тарыхы сабагын апробация жана кийрүүнү өздөрүнө алып коюшту деген кеп угуп жатабыз, бирок аны официалдуу булактардан тастыктай албадык. Бул жаатта түздөн түз адистер иштебей, башка тармактын адистери иштеп жаткандыгы кандайдыр кедергесин тийгизгендир. Адистер жумушчу топто болсо да, алардын активдүү иш алып баруусуна жолтоолор бар окшойт. Адис катары ойлору суу кечпегендей сыяктуу.

Президенттин УКАЗында Диндердин өнүгүү тарыхы сабагын теологодор окутат. Эгер теолог жок болсо тарых мугалимдери окутат деп көрсөтүлгөн. Теология факультети жогоруда белгиленгендей белгилүү учурга чейин дин таануучу квалификациясын ыйгарган. Дин таануучу квалификациясына ээ болгондор айрым райондордо Диндерди өнүгүү тарыхы сабагын окутканга болбойт деп жумушка албай коюшту. Алар дагы де-юре дин таануучу

болгону менен дефакто теолог. Аны жалпы коомчулук жана дин чөйрөсү ошондой деп кабыл алышат.

Учурда көпчүлүк республика аймагында көпчүлүк мектептерде Диндердин өнүгүү тарыхы сабагын тарых мугалимдери окутуп жатышат. Кээ бир окуткан тарых мугалимдери теолог адистерге көйгөйлөр менен кайрылып жатышат. Бул сабакты окутууда окуучулардын суроолоруна жооп таба алышпай кыйналып жатышкандыгын айтышууда. Негизинен мазхаптар жана фикх маселелери боюнча такыр маалыматы жок болгондуктан, китепти кыскача эле берилгендиктенби ушул жаатта суроолор жоопсуз калып жаткандыгын белгилешүүдө. Демек бул жаатта дагы көп жумуш жасалышы керек.

Диндердин өнүгүү тарыхы предметинин максаты окуучуларга диндер тууралуу маалымат берилүүсү каралган. Ошондой эле кыргыз жарандарынын ата бабасы карманып келген салттуу ислам тууралуу да маалыматтар берилет. Мектепте дин үйрөтүлбөйт, башкача айтканда ибадаттар үйрөтүлбөйт болгону маалыматтык иретте гана окутулат. Негизи окуучулар ата бабасы кармаынп келген матуридий жана ханафийлик жөнүндө кабардар болуусу үчүн маалыматтар берилет. Андан башка мазхаптар кыргызстанга жат экендигин көрсөтүү. Ал экстремизм, радикализм жана терроризмди алдын алуу иш чарасына негизделет.

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстанда ислам багытында диний билим берүү бир канча категорияга бөлүнүп окутулуп жаткандыгын көрүүгө болот. Эгемендүүлүктү алгандан баштап учурга чейин 300дөн көп ислам багытында диний билим берген окуу жайлардын көбөйүүсү, ушул тармакка берилген эркиндик экендигин белгилеп кетүү керек. Эгер жылга бөлүштүрсөк жылда 10дой диний билим берген мекеме ачылган болот. Бирок негизи диний билим берген мекеменин тездик менен көбөйүү тенденциясы 2010-жылдан кийин болгон керек. Мамлекет диний билим берген мекемелерди жөнгө салуу жаатында аракет кылып жатат. Бирдиктүү окуу планы жана материалдык техникалык базанын талаптарга жооп берүүсү үстүндө иштөө менен гана чектелүүдө. Бул биринчи иретте жасалуусу керек болгон талап деп айтууга болот.

**Пайдаланылган булактар**


1. Азаттык радиосу. 2016 год 23 февраля. Кыргызская служба. http://www.azattyk.org/content/kyrgyzstan_religion_security/27568626.html (кайрылган датасы: 16.11.2023)
2. Бирдиктүү окуу планы. https://muftiyat.kg/birdiktuu-programma/ (кайрылган датасы: 15.12.2023)
3. Кыргыз Республикасынын 2014-2020-жылдардагы дин чөйрөсүндөгү саясатынын концепциясы. (11-ноябрь 2014-жылы Коргоо Кеңешинин отурумунда бекитилген)
4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана маданият министрлигинин 2000-жылдын 29-декабрынан №752/1 буйругу менен жогорку профессионалдуу билим берүүнүн адистиктери жана даярдоо багыттарынын тизмеси http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/31723 (кайрылган датасы: 17.11.2023)
5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 11-апрель 2021-жылы жалпы элдик референдумда кабыл алынган.

6. Мамаюсупов О. (2004) “*Религиозная ситуация в Кыргызской Республики*”, //Сборник материалов международной конференции «Ислам в Центральной Азии». –Ош, 20-22 май 2004.
7. Муфтияттын официалдуу сайты https://muftiyat.kg/maalymat/ (кайрылган датасы: 23.10.2023).
8. Шеров Ш. Тарых и.к. алуу талабына үчүн жазылган диссертация lib.kg/kyrgyzskij-sherov-shajyrbek-bijzhanovich-kyrgyzstandagy-dinij-islamdyk-bilim-ber-n-n-t-z-l-sh-abaly-zhana-k-jg-jl-r-1991-2010-zhzh/
9. Шеров, Ш.Б. Жалпы орто билим берүү мекемелерге "дин маданиятынын тарыхы" сабагын киргизүүдөгү көйгөйлөр / Ш. Б. Шеров, К. А. Таиров // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 3. – P. 109-113. – DOI: 10.52754/16947452_2021_2_5_109. – EDN: FHQZDK.
10. Kozukulov T., (2010). *Günümüz Kırgızlarda Din Anlayışı ve Fenomenleri*. //Uluslar Arası Türk Dünyası Din Anlayışları Sempozyum, 4-6 Kasım 2010.
11. Kozukulov T., (2015). *Kirgizistan’da dini kurumsallaşma ve toplum*.// Ağrı universitesi sosyal bilimler dergisi. Ağrı. №1
12. Kozukulov T., (2015). *Kırgız Toplumununu Dini Aydınlatma Meselesinde Din Eğitiminin Rölü Ve Ona Etki Eden Yerel Ve Dış Faktörler.//* III. Uluslararası KOP Bölgesel Kalkınma Sempozyumu Bildiri Kitabı.